Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы Д 07.21.628 диссертациялык кеңешинин 07.00.07. – Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын “**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)**” аттуу диссертациясына

# Корутунду

1. **07.00.07 - Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча даярдалган иштин Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши.**

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын “**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)**” аттуу 07.00.07. – Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы Д 07.21.628 диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Диссертацияда изденүүчү Ош облусунун этнодемографиялык жүрүмдөрүн изилдеди. Облустун калкынын табигый өсүшү – төрөлүү жана өлүмдүн мыйзам ченемдүү көрүнүшү жана өзгөчөлүктөрү эң алгачкы ирет этнологиялык, анын ичинде этносоциологиялык талдоого алынган. Облустун калкынын миграциясынын каралып жаткан аймактын социалдык-экономикалык абалына, этнодемографиялык жүрүмдөрүнө тийгизген таасири изилденди. Облустагы этностордун ортосундагы аралаш никелер, аларга мүнөздүү этносоциалдык жүрүмдөр каралды. Этностордун жаш-курамдык көрсөткүчтөрүнүн өзгөчөлүктөрү, башка аймактардан айырмачылыктары белгиленди. Этностордун облустагы аймактык жактан шаар жана айылдарда жайгашуусунун өзгөчөлүктөрү жана алардын динамикасы көрсөтүлдү.

2. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугунун негизделиши.**

XX кылымдын 90-жж. башында облустагы демографиялык кырдаалга ар кандай шарттардын, эң биринчиден социалдык-экономикалык жана башка себептердин натыйжасында республиканын жарандарынын, ошону менен бирге азчылыкты түзгөн кээ бир этностордун өкүлдөрүнүн сыртка, тарыхый мекенине көчүп кетүүсүнүн таасири абдан чоң болду. Азыркы кылымдын

башынан берки мезгилдеги этнодемографиялык жүрүмдөрдү кыргызстандыктарды башка өлкөлөргө чыгууга аргасыз кылып жаткан тышкы эмгек миграциясы аныктап келе жатат. Калктын социалдык жана этностук түзүмүндөгү өзгөрүүлөрдү талдоо, анын демографиялык өнүгүүсүндөгү азыркы учурдагы социалдык-экономикалык жаңылануулар менен шартталган багыттарды жана алардын өлкөнүн жалпы өнүгүүсүнө тийгизген жагымдуу жана жагымсыз жактарын белгилөө менен тийиштүү мамлекеттик уюмдарга сунуш киргизип туруу – бул коомдук илимдердин, анын ичинде этнология илиминин милдеттеринин бири болуп эсептелет.

Изилдөөдө каралып жаткан маселелер этностун түзүмүн өзгөртүүчү жаңы социалдык-демографиялык багыттардын калыптанышын изилдөө максатында да маанилүү.

Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу далилдүү жана негиздүү экендиги талашсыз.

## 3. Чыгарылган илимий жыйынтыктар тууралуу

Диссертацияда бир катар теориялык, илимий-практикалык жана тарыхнаамалык жыйынтыктар алынган.

***1-жыйынтык.*** Илимий иште диссертант тиешелүү деңгээлде булактарды, расмий документтерди, статистикалык маалыматтарды талдоо жүргүзүү жана аларды салыштыруу аркылуу теманын актуалдуулугун көрсөтө алган (Киришүү бөлүгү).

***2-жыйынтык.*** Диссертант этнодемографиялык жүрүмдөр изилденген эмгектерди талдоого алууну советтик, постсоветтик окумуштуулардын эмгектерин салыштыруу аркылуу жүзөгө ашырган (I бап. 1-, 2-бөлүм).

***3-жыйынтык.*** Диссертант каралып жаткан илимий иштин объектиси, предмети, булактары жана изилдөөнүн методикасына токтолгон. Этнодемографиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн белгилүү окумуштуулардын эмгектери автордун изилдөөсүнүн теориялык-методологиялык базасын кеңейтти. Изилдөөнүн **обьектиси** Ош облусунун калкы болуп эсептелет. Изилдөөнүн **предмети** болуп учурдагы Ош облусунун социалдык-экономикалык маселелери, калкынын курамындагы социалдык-демографиялык өзгөрүүлөр, элдин табигый өсүшү, миграциясы, этностук курамы, үй-бүлөсү, жыныстык жана жаш-курактарындагы өзгөрүүлөрдүн динамикасы болуп саналат. Диссертант тарабынан бул изилдөөдө этнология илиминин ыкмалары: анкеталык сурамжылоо; сурамжыланган материалдарды талдоо; статистикалык маалыматтарды талдоо; жергиликтүү тургундар жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун өкүлдөрү менен аңгемелешүү; байкоо жүргүзүү; Ош облусундагы талаа изилдөөлөрү; массалык маалымат каражаттарынын материалдарын талдоо колдонулган (2-баптын 2 бөлүгү).

***4-жыйынтык.*** Рынок экономикасына өткөндөн тартып облустун кыргыздарынын турмушунда көптөгөн өзгөрүүлөр болду. Экономикалык турмуштун рынок шартына өтүүсү облустун тургундарынын үй-бүлөлөрүнүн

материалдык абалынын өзгөрүүсүнө алып келди жана демографиялык жүрүмдөргө таасир этти (3-бап, 2-,3- бөлүктөр).

***5-жыйынтык.*** Ош облусундагы демографиялык жүрүмдөр жана социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр бири-бирине таасирин тийгизет. Ош облусу өлкөдөгү калкынын санынын табигый өсүшү боюнча жогору аймак болуп саналат. 1989-2020-жылдар аралыгында облустун калкы 4,9 пайызга (575 357 адамга) өстү. Табигый өсүш облустун айыл калкында шаардык калкка караганда жогору. Үй-бүлөнүн орточо көлөмү шаарларда 4,6 айылда 6 адамды түзүп, башка аймактарга караганда салыштырмалуу чоң. Социалдык -экономикалык шарттарга эле карабай, элдин маданий баалуулуктарында көп балалуу болуу салты төрөлүүлөрдүн санынын жогору болушун шарттады (3-бап, 2-бөлүк).

***6-жыйынтык.*** Учурда ички миграциянын өнүгүүсүндө белгилеп кетүүчү нерсе, бул кичи жана орто шаарлардан жана райондордон калктын Бишкек, Ош сыяктуу ири шаарларга, Жалал-Абад сыяктуу облустук борборлорго жана Чүй облусунун райондоруна багытталып көчүп кетүүсү же мезгилдик иштерге иштөө үчүн кетүүсү болуп эсептелет. Өлкөдөгү өзгөрүүлөрдүн натыйжасында кыргыздардын тышкы эмгек миграциясы күчөдү. Жакынкы он жылдыкта бул мүнөздүү багыт уланат (3-бап, 3-бөлүк).

***7-жыйынтык.*** Калкынын курамын түрдүү этностор түзгөн Кыргызстандын калкынын ичинде, анын ичинде Ош облусунда аралаш никелердин болуусу келечекте дале уланат, анткени бул жер этностордун аралаш жайгашкан аймагы, этностордун интеграциясына мүмкүндүк берүүчү дагы бир маанилүү жагдай – аралаш никеге туруп жаткан этностордун ,маданиятында, тиричилигинде көптөгөн жалпылыктар бар экендиги белгиленген (4-бап, 2-бөлүк).

4. **Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүн жана ынанымдуулугунун деңгээли**

Изденүүчү диссертацияда ар бир алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди далилдөөгө аракет жасаган.

Илимий изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда жыйынтыктарды, алардын негизинде илимий жоболорду, корутундуларды ырастаган.

**1-*жыйынтык*.** Изилдөөнүн негизги булагы- этносоциолоогиялык изилдөөнүн материалдарын, расмий документтерди, статистикалык жана башка маалыматтарды талдоонун натыйжасында Ош облусунун этнодемографиялык жүрүмдөрү изилдениши зарыл экендиги менен негизделген.

***2-жыйынтык.*** Этнодемографиялык жүрүмдөр изилденген эмгектерди талдоо аркылуу изилдене элек багыттарды окуп-үйрөнүү керектиги менен аныкталган.

***3-жыйынтык.*** Ош облусунун калкынын өнүгүүсүн изилдөө үчүн облустун социалдык-экономикалык маселелерин, калкынын курамындагы социалдык-демографиялык өзгөрүүлөрдү, элдин табигый өсүшүн, миграциясын, этностук курамын, үй-бүлө маселелерин, жыныстык жана жаш-курактарындагы өзгөрүүлөрдүн динамикасын талдоо үчүн этнологиялык ыкмаларды колдонуу зарылдыгы менен негизделген.
***4-жыйынтык.*** Рынок экономикасына өткөндөн кийинки турмуш-тиричиликтеги көптөгөн өзгөрүүлөр этнодемографиялык жүрүмдөргө таасир эткендиги менен аныкталган.
***5-жыйынтык.*** Ош облусундагы демографиялык жүрүмдөрдүн өзгөчөлүгү аймактагы социалдык-экономикалык абал, калктын калыптанган дүйнө таанымы, көз караштары, баалуулуктары менен түздөн-түз байланышта экендиги менен негизделген.
***6-жыйынтык.*** Өлкөдөгү эгемендүүлүк мезгилиндеги өзгөрүүлөрдүн натыйжасында кыргыздардын жана башка этностордун тышкы эмгек миграциясы күчөдү. Бул жүрүм Ош облусунун калкынын өнүгүүсүнө чоң таасир эткендиги менен аныкталган.
***7-жыйынтык.*** Ош облусунда аралаш никелердин болуусу келечекте деле уланат, анткени бул жер этностордун аралаш жайгашкан аймагы, этностордун интеграциясына мүмкүндүк берүүчү дагы бир маанилүү жагдай – этностордун маданияты менен турмуш-тиричилигинде жалпылыктары көп экендиги менен аныкталган.

5. **Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылыгынын деңгээли.**

Диссертанттын илимий жоболору, корутундулары өзүнүн жеке иликтөөлөрүнүн негизде жүргүзүлүп, жаңы маалыматтар менен тастыктагандыктан, жалпысынан, 1-, 2-, 3-, 4-, 5-, 6-, 7- илимий жыйынтыктарды жаңы деп баалоого болот.

6. **Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачып берүүдө, изилдөөгө алынган актуалдуу маселелерди чечүүдө, илимий иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

А.Т. Абдувапованын диссертациясынын негизги илимий жыйынтыктары этносоциологиялык материалдарды жана башка аналитикалык, статистикалык маалыматтарды талдоонун негизинде чыгарылган.

Чыгарылган илимий бүтүмдөр жана жыйынтыктар теориялык-методикалык базанын негизинде иштелип чыккан.

Диссертациянын илимий жыйынтыктары ички биримдикке ээ жана жеткиликтүү аргументтештирилип, бааланган.

7. **Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси**

Изилдөөнүн жыйынтыктары мамлекеттин анын ичинде аймактардын демографиялык, социалдык-экономикалык өнүгүү багыттарын аныктоодо; Кыргызстандын көп улуттуу калкынын социалдык-экономикалык абалы, маданий өнүгүүсү, тарыхы боюнча атайын курстарды иштеп чыгууда; Этнодемография, этнология боюнча жалпылоочу эмгектерди жазууда; студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга тарых, этнология, демография, социология предметтерин окутууда, окуу-усулдук колдонмолорду түзүүдө, курстук, жыйынтыктоочу квалификациялык иштерди жазууда жана аталган тармактар боюнча илимий иштерди жалпылоодо пайдаланылышы мүмкүн.

**8. Автореферттын жана диссертациянын мазмунунун дал келиши.**

Автореферттын мазмуну диссертациянын түзүмүнө, мазмунуна туура келет, негизги жыйынтыктарды жана корутундуну камтыйт. Авторефератта кыргыз, орус, англис тилдеринде резюме бар.

**9. Диссертациянын жыйынтыктарын жана корутундусун автордун тематика боюнча жарыяланган эмгектеринде тастыкталышы.**

Диссертациянын негизги жоболору, идеялары жана жыйынтыктары Кыргыз Республикасында жана чет өлкөдө өткөн республикалык, эл аралык илимий конференцияларда жана семинарларда доклад катары баяндалган жана талкууланган. Алар:

1. Абдувапова А.Т. Калктын социалдык абалы жана миграциялык коопсуздук. [Текст] / А.Т. Абдувапова. ОшМУ Жарчысы. – 2012.– № 2. – 9-12 -б
2. Абдувапова А.Т. Жумушсуздук социалдык иштердин обьектиси катарында. [Текст] / А.Т. Абдувапова. ОшМУ Жарчысы. – 2012. – № 2. – 12-15- бб.
3. Абдувапова А.Т. Ош облусунун этнодемографиялык процесстери. [Текст] / А.Т. Абдувапова. Тарых жана Мурас түрмөгү.– Бишкек, 2015. – 401-406-бб.
4. Абдувапова А.Т. Ош облусундагы миграциялык процесстердин этникалык аспектиси. [Текст] / А.Т. Абдувапова. ОшМУ Жарчысы. – 2015. – №2. – 68- 71- бб.
5. Абдувапова А.Т. Азыркы мезилдеги рынок экономикасынын калктын социалдык түзүмүнө тийгизген таасири (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөлөрүнүн негизинде [Текст] / А.Т. Абдувапова, Чыныкеева, Г.Э. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – № 11, 2016. – 227-230 - бб.
6. Абдувапова А.Т. Учурдагы этнодемографиялык процесстердин социалдык-экономикалык абалга тийгизген таасири (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде. [Текст] / А.Т. Абдувапова. ОшМУ жарчысы. – 2016. – № 3. – 26-30-бб.

7. Абдувапова А.Т. Ош облусу: учурдагы калктын табигый кыймылы. [Текст] / А.Т. Абдувапова, А.Р. Джоошбекова. Тарых жана Мурас түрмөгү. – Бишкек, 2016. – 31-36- бб.
8. Абдувапова А.Т. Кыргызстандын түштүгүндөгү шаар калкынын этнодемографиялык өнүгүүсү (Ош облусундагы шаарлардын мисалында). [Текст] / А.Т. Абдувапова, Г.Э Чыныкеева. ОшМУ жарчысы. 2017.– Атайын чыгарылыш. – 32-35-бб.
9. Абдувапова А.Т. Ош шаары: азыркы мезгилдеги миграциялык процесстер (1989-2009-жылдар). [Текст] / А.Т. Абдувапова, А.Р. Джоошбекова, Г.Э. Чыныкеева. – БГУ жарчысы. – Бишкек, 2015. – № 3-4 (33-44). – 26-29- бб.
10. Абдувапова А.Т. Ошская область: естественное движение населения в настоящее время. [Текст] / А.Т. Абдувапова. Молодой ученый. – Международный журнал. – № 5 (139), – 2017. – С 367-371.
11. Абдувапова А.Т. MODERN MIGRATION PROCESSES: THE ARGUMENTS (REASONS) FACTORS AND the MAIN DIRECTIONS (based on ethno-sociological research in the Osh region) [Текст] / А.Т. Абдувапова. BRIDGE TO SCIENCE RESEARCH WORKS. – February 28, – 2018, San Francisco, California, USA.– P. 28-33.

10. **Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

**Диссертациянын** жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктери менен катар айрым бир мүчүлүштүктөргө ээ экендигин белгилейт. Аларды атоо менен изденүүчүгө бир катар сунуштар берилет:

1. Тарыхнаамелик талдоодо теманын хронологиялык алкагын эске алуу керек болчу. Постсоветтик мейкиндикте Кыргызстандын азыркы учурдагы этнодемографиялык процесси Борбордук Азиянын алкагында салыштырмалуу жана өзүнчө, андан сырткары этностук конфликттин тийгизген таасири кандай каралып жатканын чагылдырса туура болмок.
2. Тандалып алынган изилдөө объектисин жана предметинин актуалдуулугун этносоциология гана эмес этностук белгини критерий катары колдонуп изилдеген тарых жана гуманитардык алкактагы эмгектерге токтолуу керек эле.
3. Изилдөөнүн объектиси жана предметин конкреттештирүүдө “Калкты изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери” деп аталган параграфта диссертациянын алкагында карала турган маселелерди изилдөөдө кандайча негиз болуп берери аныкталган эмес.
4. Булактаануу бөлүгүндө диссертациянын мазмунун ачып бере турган тарыхый булактардын белгилүү бир бөлүгү көз жаздымда калган.
5. Ош окуясы калктын этнодемографиялык процессине тийгизген таасири, ага тиешелүү баа берилген эмес.

6. Ош облусунун калкынын жаш-курактык түзүмүндөгү динамиканы билүү үчүн Улуттук статкомго кайрылып маалыматты толук алуу зарыл, анткени маалыматтардын басымдуу көпчүлүгү, айрыкча Ош облусунун ички райондук денгээлде жана этностук курамы боюнча маалыматтар 2009-жыл менен чектелип калган.
7. Сандык көрсөткүчтөрдү колдонууда тактык керек.

Жогорудагы кемчиликтер иштин жалпы илимий деңгээлин түшүрө албайт. Этносоциологиялык материалдардын жана башка булактардын негизинде Ош облусундагы этнодемографиялык жүрүмдөр изилденип, илимий жыйынтыктар чыгарылган.

11. **Жетектөөчү мекеме жана официалдуу оппоненттерди бекитүүнү сунуштоонун негиздүүлүгү.**

**Жетектөөчү мекеме:** Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин «Тарых» кафедрасы (Дареги: Жалал-Абад ш., Ленин көчөсү, 157).

1- **официалдуу оппонент:** т.и.д., профессор Ч.К. Койчуманова;
2- **официалдуу оппонент:** т.и.к., доцент С.Н. Эралиев (07.00.07. – Этнография, этнология жана антропология адистиги) сунушталат.

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын "**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)**" аттуу 07.00.07. – Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасынын илимий жыйынтыктарындагы кемчиликтерди жоюп, сунуштарды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы Д 07.21.628 диссертациялык кеңеште ачык коргоо үчүн кабыл алууну сунуштайм.

**Эксперттик комиссиянын төрайымы,**
**т.и.д., профессор** **Батырбаева Ш.Ж.**

Тарых илимдеринин доктору, профессор Ш.Ж. Батырбаеванын колун тастыктайм.
Д.07.21.628 Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы А.З. Жапаров



Вх 04-8/38
24.09.21

Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы
Д 07.21.628 диссертациялык кеңешинин 07.00.07. –Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын “**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)**” аттуу диссертациясына

**Корутунду**

1. **07.00.07 - Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча даярдалган иштин Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши.**

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын “**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)**”аттуу 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы Д 07.21.628 диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Диссертацияда автор этносоциологиялык жана этнографиялык материалдардын негизинде азыркы мезгилдеги Ош облусунун калкынын курамынын өзгөрүү жүрүмдөрүн, калктын өсүү динамикасын, курактык, улуттук курамынын өзгөрүүсүн, үй-бүлө куруу, өзүн-өзү жаратуу маселелерин изилдеген.

Изилденип жаткан маселе 07.00.07. – Этнография, этнология жана антрополгия адистигинин паспортуна толук жооп берет.

2. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугунун негизделиши**

Өлкө эгемендүүлүктү алгандан кийинки социалдык-экономикалык, саясий турмуштагы кескин бурулуш, андагы болуп жаткан кыйынчылыктар демографиялык жүрүмдөрдөгү өзгөрүүлөргө алып келди. Бул жылдарда социалдык-демографиялык кырдаал бир кылка өнүккөн жок.

Азыркы мезгилдеги этнодемографиялык жүрүмдөрдү кыргызстандыктарды башка өлкөлөргө чыгууга аргасыз кылып жаткан эмгек миграциясы аныктап келе жатат. Калктын социалдык жана этностук түзүмүндөгү өзгөрүүлөрдү талдоо, анын демографиялык өнүгүүсүндөгү азыркы учурдагы социалдык-экономикалык жаңылануулар менен шартталган багыттарды жана алардын өлкөгө жагымдуу жана жагымсыз жактарын белгилөө менен тийиштүү мамлекеттик уюмдарга сунуш киргизип туруу – бул коомдук илимдердин, анын ичинде этнология илиминин милдеттеринин бири.

Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу негиздүү экендиги талашсыз.

## 3. Чыгарылган илимий жыйынтыктар

Бул диссертациялык изилдөөдө бир катар теориялык, илимий-практикалык жыйынтыктар алынган.

**1-*жыйынтык*.** Изилдөөчү илимий ишинде анын максатын жана милдеттерин ачып көрсөтө алган расмий документтерди, этносоциологиялык изилдөөнүн материалдарын, статистикалык маалыматтарды талдоо, байкоо жүргүзүү, маектешүүнүн жыйынтыктарын топтоштуруу, талдоо, салыштыруу аркылуу теманын актуалдуулугун тастыктай алган (Киришүү бөлүгү, 3-12-б.)

***2-жыйынтык***. Изилдөөдө диссертант Ош облусундагы этнодемографиялык жүрүмдөрдүн тарыхый мезгил аралыгындагы мүнөздүү багыттарын ачып көрсөтүүгө, сурамжылоо, байкоо методдору менен салыштырып изилдеген.

Диссертант изилдөөнүн негизги методу катары этносоциологиялык сурамжылоо, статистикалык маалыматтарды талдоо, аңгемелешүү, байкоо жүргүзүү жана тарыхый салыштыруу ыкмаларын колдонгон (II бап.1-, 2-, 3-бөлүмдөр).

***3-жыйынтык***. Ош облусунун көп этностуу тургундары жаңы жумуш жана жаңы киреше булактарын издөөгө аргасыз болушту. Жумуш менен камсыз болгон калктын социалдык түзүмүндө өндүрүштө иштегендерге караганда тейлөө чөйрөсүндө эмгектенгендердин саны өскөн. Облуста жакырчылык, жумушсуздук ири социалдык маселе экендигин белгилеген (III бап, 1-,2-бөлүктөр).

***4-жыйынтык***. Облустун калкынын ичинде эмгекке жарамдуулардын саны өскөндүгүн жана балдар жана өспүрүмдөрдүн саны азайгандыгын белгилеген. Облуста жашап жаткан этностордун курамы жаш-курактык жактан айырмалангандыгы материалдар менен тастыкталган. Ички жана тышкы миграциянын агымы башка аймактарга караганда чоң экендиги аныкталган (III бап, 3-,4-бөлүктөр).

*5-жыйынтык.* Ош облусунун калкы көп этностуу жана миграциялык агымдардын натыйжасында акыркы отуз жылдай аралыкта облустун калкынын этностук курамы бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болду. Анда кыргыздардын, өзбектердин саны көбөйгөндүгүн, орустардын, жана башка славян тилдүү этностордун саны кыскарып жаткандыгын далилдеген. Кыргыздар Ош облусунун бардык райондорунда негизги басымдуу көпчүлүктү түзгөн калк катары бир кылка жайгашкан. Ош облусунун калкынын арасында улуттар аралык аралаш никелер кеңири тараган, бул көрүнүш көпчүлүк учурда кыргыз жана өзбек этносторунун ортосунда болуп жаткандыгын изилдеген. (IV бап, 1-,2-, 3-бөлүм).

**4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли**

Изденүүчү диссертацияда ар бир алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди далилдөөгө аракет жасаган.

Илимий изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда жыйынтыктарды, алардын негизинде илимий жоболорду, корутундуларды ырастаган.

**1-жыйынтык.** Этнодемографиялык жүрүмгө таасирин тийгизген негизги фактор – социалдык-экономикалык фактор экендиги аныкталды. Эгемендик мезгилинде Ош облусундагы калктын табигый өсүшү калктын өнүгүүсүндө негизги ролду ойноору белгиленди.

**2-жыйынтык.** Азыркы мезгилде облустун калкынын жакынкы жана алыскы мамлекеттерге жана республиканын түндүк облустарына, айылдардан шаарларга миграциялык кыймылы күчөгөндүгү этносоциологиялык жана статистикалык материалдардын негизинде изилденген. Эгемендүүлүктүн шартында миграция Ош облусунун этнодемографиялык жүрүмдөргө өзгөрүүлөрдү киргизгендиги изилдөөлөрдүн материалдары менен тастыкталган.

**3-жыйынтык.** Эл каттоолордун аралыгында облустун калкынын этносторунун жалпы калктын ичиндеги үлүшү өзгөрдү. Этностордун санынын өзгөрүүсүнө эгемен мамлекеттүүлүккө жетишүү, рынок экономикасына өтүү, экономикалык кардиналдуу реформалар, турмуш-тиричиликтеги кыйынчылыктар, жумушсуздуктун айынан миграциянын күч алышы таасирин тийгизгендигин аныктап чыккан.

**4- жыйынтык.** Облустагы славян тилдүү этностору тарыхый мекенине туруктуу жашоого көчүп кетиши алардын санынын кескин кыскарышына алып келсе, облустун калкынын арасында кыргыз, өзбек, тажик, уйгурлардын саны өсүүдө жана алардын шаарларда, райондун борборлорунда,

айылдардагы калктын ичиндеги үлүшү жогорулап бара жаткандыгы изилдеген.

**5-жыйынтык.** Ош облусунун калкы демографиялык жактан жаш деп эсептелет, анткени калктын курамында балдардын жана өспүрүмдөрдүн саны басымдуу. Облус калкынын арасындагы этностордун турмушундагы жана маданиятындагы окшоштуктар аралаш үй-бүлөлөрдүн түзүлүшүнө жана өнүгүүсүнө шарттарды түзүүдө жана көп аралаш никелер кыргыз-өзбек, өзбек-кыргыз жана азыраак башка улуттар менен түгөйлөрүндө кездешип жаткандыгын этносоциологиялык жана статистикалык материалдарды талдоонун негизинде аныктаган.

5. **Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылыгынын деңгээли.**

Диссертанттын илимий жоболору, корутундулары өзүнүн жеке иликтөөлөрүнүн негизде жүргүзүлүп, жаңы маалыматтар менен тастыктагандыктан,жалпысынан,1-, 2-, 3-, 4-, 5-, 6-илимий жыйынтыктарды жаңы деп баалоого болот.

6. **Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачып берүүдө, изилдөөгө алынган актуалдуу маселелерди чечүүдө, илимий иштин илимий жыйынтыктарынын ички бirimдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын диссертациясынын негизги илимий жыйынтыктары жана бүтүмдөрү этносоциологиялык материалдардын жана башка статистикалык маалыматтарды талдоонун негизинде чыгарылган.

Илимий жыйынтыктар этнология, этносоциология илиминдеги ушул багыттагы изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн теориялык-методикалык базасынын негизинде иштелип чыккан.

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын диссертациялык ишинин илимий жыйынтыктары ички биримдикке ээ жана жеткиликтүү материалдар менен ынанымдуу тастыкталган.

**7. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Изилдөөнүн илимий бүтүмдөрү жана жыйынтыктары кыргыз этнологиясына салым кошо алат. Ош облусундагы этнодемографиялык жүрүмдөрдү илимий изилдөө, этносоциологиялык сурамжылоонун жыйынтыктары, практикалык сунуштар коом үчүн баалуу болуп эсептелет.

Диссертациянын негизги жоболорун аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын түзүүдө, окуу жайлары үчүн окуу-усулдук куралдарын түзүүдө, атайын курстарды окутууда жана этнодемография, этнология боюнча жалпылоочу эмгектерди жазууда колдонууга болот.

**8. Автореферattын жана диссертациянын мазмунунун дал келиши.**

Авторефераттын мазмуну диссертациянын түзүмүнө, мазмунуна туура келет, негизги жыйынтыктарды жана корутундуну камтыйт.

**9. Диссертациянын жыйынтыктары жана корутундусунун автордун тематика боюнча жарыяланган эмгектеринде тастыкталышы.**

Диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктары Кыргыз Республикасында жана чет өлкөдө өткөн республикалык, эл аралык илимий конференцияларда жана семинарларда доклад катары баяндалган жана талкууланган. Алар:

1. Абдувапова А.Т. Калктын социалдык абалы жана миграциялык коопсуздук. [Текст] / А.Т. Абдувапова. ОшМУ Жарчысы. – 2012.– № 2. – 9-12 -б
2. Абдувапова А.Т. Жумушсуздук социалдык иштердин обьектиси катарында. [Текст] / А.Т. Абдувапова. ОшМУ Жарчысы. – 2012. – № 2. – 12-15- бб.
3. Абдувапова А.Т. Ош облусунун этнодемографиялык процесстери. [Текст] / А.Т. Абдувапова. Тарых жана Мурас түрмөгү.– Бишкек, 2015. – 401-406-бб.
4. Абдувапова А.Т. Ош облусундагы миграциялык процесстердин этникалык аспектиси. [Текст] / А.Т. Абдувапова. ОшМУ Жарчысы. – 2015. – №2. – 68- 71- бб.
5. Абдувапова А.Т. Азыркы мезилдеги рынок экономикасынын калктын социалдык түзүмүнө тийгизген таасири (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөлөрүнүн негизинде [Текст] / А.Т. Абдувапова, Чыныкеева, Г.Э. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – № 11, 2016. – 227-230 - бб.
6. Абдувапова А.Т. Учурдагы этнодемографиялык процесстердин социалдык-экономикалык абалга тийгизген таасири (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде. [Текст] / А.Т. Абдувапова. ОшМУ жарчысы. – 2016. – № 3. – 26-30-бб.

7. Абдувапова А.Т. Ош облусу: учурдагы калктын табигый кыймылы. [Текст] / А.Т. Абдувапова, А.Р. Джоошбекова. Тарых жана Мурас түрмөгү. – Бишкек, 2016. – 31-36- бб.
8. Абдувапова А.Т. Кыргызстандын түштүгүндөгү шаар калкынын этнодемографиялык өнүгүүсү (Ош облусундагы шаарлардын мисалында). [Текст] / А.Т. Абдувапова, Г.Э Чыныкеева. ОшМУ жарчысы. 2017.– Атайын чыгарылыш. – 32-35-бб.
9. Абдувапова А.Т. Ош шаары: азыркы мезгилдеги миграциялык процесстер (1989-2009-жылдар). [Текст] / А.Т. Абдувапова, А.Р. Джоошбекова, Г.Э. Чыныкеева. – БГУ жарчысы. – Бишкек, 2015. – № 3-4 (33-44). – 26-29- бб.
10. Абдувапова А.Т. Ошская область: естественное движение населения в настоящее время. [Текст] / А.Т. Абдувапова. Молодой ученый. – Международный журнал. – № 5 (139), – 2017. – С 367-371.
11. Абдувапова А.Т. MODERN MIGRATION PROCESSES: THE ARGUMENTS (REASONS) FACTORS AND the MAIN DIRECTIONS (based on ethno-sociological research in the Osh region) [Текст] / А.Т. Абдувапова. BRIDGE TO SCIENCE RESEARCH WORKS. – February 28, – 2018, San Francisco, California, USA, – P. 28-33.

10. **Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

**Диссертант** Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын “**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)**” аттуу илимий ишинин жогоруда айтылган ийгиликтери менен бирге айрым бир кемчиликтери да бар.

1. Теманын аталышы: «Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр”, “азыркы мезгилдеги”, деген термин мезгилдик жагынан так эмес, мында мезгил так көрсөтүлгөн эмес, акыркы он жылдыкбы, же 20 жылдыкбы? Илимий диссертацияда хронологияны так көрсөтүү керек. Ошондуктан, “Эгемендүү Кырзыстандын” деген формулировка диссертациянын мазмунуна туура келет.
2. 48-беттеги таблицада 2.3. Ош облусу боюнча катталган жумушсуздардын саны 2000-жылдан баштап көрсөтүлгөн, эмне себептен алдынкы 10 жылдын

маалыматы жок. (1991-2000). Кээ бир таблицада 1989, 1995, 1997, 2000-жылдан баштап, так ирети менен жасалган жок.

3. 54-б. Таблица 2.4. КР ишкана-мекемелеринин кызматкерлеринин орточо айлык акыларынын аймактар боюнча өзгөрүшү. Эң төмөн айлык акынын өлчөмү Ош облусунда экендигин таблицадан көрүүгө болот. Автор, себебин, кыскача, бир сүйлөм менен экономиканын көп түрдүүлүгү, өзгөчө айылдык калктын иш менен камсыз кылууда облуста маселелер бар деп көрсөтүү. Так, кенен анализ жана маалымат берилген жок, дагы башка себептер жөнүндө маалымат жок. Мисалы, Нарын облусунда тоолуу аймакта жайгашкан жерлерде, айлык акы жогору, Ысык-Көл облусунда чоң чет өлкөлүк ишканалар бар жана башка.
4. 2.2. «Ош облусунун тургундарынын рынок шартына ынгайлашуусунун өзгөчөлүктөрү» деген бөлүмүндө, автор социологиялык сурамжылоо өткөзүп, адамдардын болгон маселеге көз карашын гана жазды. Бирок, жашоочулардын рынок шартына болгон практикалык адаптациясын, басып өткөн тепкичтерин, өзгөчөлүктөрүн, терс жана оң жактарын көрсөтүлгөн жок.
5. 76-бетте, автор, адамдардын жашоо шарты канчалык жакшы болсо, балдарды төрөөгө жана тарбиялоого мүмкүнчүлүктөрү ошончолук жогору болот. Жашоо-шарты жакшы үй-бүлөлөрдө балдардын саны жогору экендигин көптөгөн биздин изилдөөбүз да көрсөттү жана айыл жерлеринде салыштырмалуу кийинки учурларда балдардын төрөлүүсү азаюуда, деп жазды. (эмгекте берилген ссылкалардын номерелери, колдонгон адабияттар бөлүгүндө көрсөтүлгөн жок). Башка көптөгөн изилдөөлөргө таянсак жана КР УСК маалыматты көрсөткөндөй, тескерисинче, балалуу болууга аялдын билим деңгээли да өз таасирин тийгизет, билим деңгээли канчалык жогору болсо баланы ошончолук аз төрөйт, билими жок, жашоо шарттары начар болгон үй бүлөлөрдө балдардын саны жогору болот жана мындай көрүнүш өзгөчө элет жеринде көп кездешет. Мисалы, балдардын төрөлүшү, 2015-жылдын башталышына – 33,1 пайыз болсо, 2019-жылдын башталышына 34,3 пайыз. Эгер 2018-жылы шаарларда 62046 бала төрөлсө, айыл жеринде 109103

төрөлгөн, анын ичинен Ош жана Жалал-Абад облустарында наристелер көп төрөлүүдө (КР УСК).

6. 86-67-бетте. Автор, облустагы төрөттөн энелердин өлүмү 2011-жылга караганда, салыштырмалуу 2020-жылы кыскарганы менен, энелердин өлүмү өлкөнүн Ош жана Жалал-Абад облустарында көп катталгандыгын белгилеген. Муну кайсы маалыматка таянып жазды?

   Эгер КРнын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматына таянсак, боюнда бар кезинде боюнан козголуп, төрөт учурунда же төрөттөн кийинки мезгилде кайтыш болгон аялдардын саны төмөнкүдөй катталган: Нарын облусунда – 105,7; Ысык-Көл – 71,2; Жалал-Абад – 38,2; Баткен – 33,6; эң төмөнкү көрсөткүч 8,3 Ош облусунда катталган. Ошону менен бирге энелердин өлүмү дагы эле саны өсүп жатат, көз жумган энелердин 67,3 пайызы айыл жеринде катталган. Автор, төрөттөн каза болгон аялдардын дээрлик көпчүлүгү дарыгерлердин кароосунда болбогондор жана миграцияда жүргөн аялдар түзөт, деп жазды. Туура, бирок бул эң биринчи себептер эмес. Кандын курамында темирдин жетишпегендигинен төрөт курагында аялдардын 35 пайызы жапа чегет, бул аялдардын төрөт учурда канды көп жоготкондугун айынан пайда болот. Аялдардын өлүмүнүн ар бир үчүнчүсү, өзгөчө айыл жергесинде ушуга байланыштуу болот. Мындан сырткары өлкөдө аялдардын 42 пайызынын фолий кислотасына таңкыстыгы бар. Бул дарттын эң негизги себептеринин бири айыл жергесинде жашоо-тиричиликтин деңгээлинин өтө төмөндүгү болуп саналат. Бир түрдүү тамактануу, ден соолукка пайдалуу ингредиенттеринин жетишсиздиги бул оруунун көбөйүшүнө алып келет. 2018-жылы анемия менен оруп катталгандардын саны эркектердин арасында 36,8 миң болсо, аялдардын арасында 80,7 миң болгон.

7. 112 б. Автор, тышкы миграцияга кабылгандардын саны көбөйүп, өлкөбүздүн экономикасына терс таасирин тийгизүүдө. Кандайча экономикага терс таасирин тийгип жатат? Тескеринче, мигранттардан эң көп акча которуу болуп жатат, алар иштеп тапкан акчаларын Кыргызстанга которуп, алып келип, үйлөрдү, машиналарды сатып алып, көптөгөн майда ишканаларды ачып,

жумушсуздуктун маселесин чечип жатышат. Ушул жакты автор кайсы маалыматтарга таянып чечим чыгарды? Ошондой эле, миграциянын тийгизген терс жана оӊ жактары корсотулгон эмес. Мисалы: Кыргызстандын түштүк облустарынан мигранттар көп: 35 пайыз Баткен облусунун тургундары; 28 пайыз Жалал-Абад облусунан; 22 пайыз Ош облусунан келет. Ата эненин кароосуз калган балдардын саны осуп жатат, “миграттардын балдары” деген муун осуп жатат ж. б.

8. 3.1 бөлүмдө. (116-121б.) “Облустук калкынын этностук курамынын өзгөрүүсү”. Бөлүм 6 барактан турса, анын 4 бети 1876, 1924, 1936 жылдардагы болгон үстүртөдөн кыскача маалымат, 1 бети таблица, 1 бети кыскача азыркы мезгилге ( диссертациянын темасына дал келген) туура келген маалыматтан турат. Ошондуктан 2.4. “Облустагы калктын миграциясы жана анын калктын курамына тийгизген таасири” деген бөлүм менен бириктирүү керек, анткени бул бөлүмдө да автор этносттук курамынын өзгөрүүсү жөнүндө да маалымат берген, тиешелүү таблицалар да бар. Ошондой эле башка этносттор да жалпы калкттын курамына кирет.
9. 127 б. “Кыз ала качуу” деген терминдин ордуна “адамды урдоо” деген туура болот. Анткени, адамдын макулдугусуз, никеге туруу максатында уурдоо болуп жатат.

10. 126 б. Автор, материалдарды талдоонун негизинде облуста кийинки учурда никелешүүлөрдүн саны кыскарганын көрдүк, акыркы мезгилде облустун аймагындагы үй-бүлөлөрдө ажырашуулар көбөйдү. Үй-бүлөнүн бузулушу өтө сейрек кездешкен, деген чечим чыгарды. Автор, тагыраак көрсөтсө, мыйзамдуу түрдө нике же жөн гана граждандык нике ( молдо аркылуу), кайсы формадагы нике жөнүндө автор сөз кылып жатат? Бүгүнкү күндө биздин өлкөдө адамдардын укугуна доо келтирген, өтө манилүү маселе, ошондуктан кайсы формадагы нике изилдеген аймактарда көбүрөөк кездешкени тууралуу маалымат өтө маанилүү болот.

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын “**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)**” 07.00.07. – Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасын мазмунундагы кемчиликтерди ондоп, мүчүлүштүктөрдү жоюп, сунуштарды эске алса, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы Д 07.21.628 диссертациялык кеңешинде ачык коргоо үчүн кабыл алууну сунуштайм.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**т.и.д., профессор, КРУИАнын**
**мүчө-корреспонденти** **Койчуманова Ч. У.**

Эксперттик комиссиянын мүчөсү, т.и.д., профессор КР УИАнын корр.-мүчөсү Ч.У. Койчуманованын колун тастыктаймын.
Д. 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин окумуштуу катчысы А.З. Жапаров

Вх. 04-8/39
24.09.21.
Уч. секр. ДС 07.21.628

Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту жана Жусуп Баласагынатындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы Д 07.21.628 диссертациялык кеңешинин 07.00.07. –Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын "**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)**"аттуу диссертациясына

## Корутунду

1. **07.00.07 - Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча даярдалган иштин Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши.**

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын "**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)**"аттуу 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы Д 07.21.628 диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Диссертацияда автор этносоциологиялык жана башка статистикалык, этнографиялык материалдардын негизинде азыркы мезгилдеги Ош облусунда болуп жаткан этнодемографиялык жүрүмдөрдү, калктын өсүү динамикасын, жыныстык, куррактык түзүмүн, улуттук курамдын өзгөрүүсүн, никелешүү жана ажырашуу көйгөлөрүн ар тараптан изилдеген.

Изилденип жаткан маселе 07.00.07. – Этнография, этнология жана антрополгия адистигинин паспортуна толук жооп берет.

2. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугунун негизделиши**

Азыркы мезгилде демографиялык жүрүмдөр өлкөнүн, анын ичинде жалпы эле элдин социалдык-экономикалык, саясий өнүгүүсүнө таасир берүүчү социалдык күч болуп эсептелет. Ошондуктан бардык мамлекеттер өздөрүнүн өлкөсүндөгү жүрүп жаткан демографиялык, анын ичинде этнодемографиялык жүрүмдөрдү ар дайым изилдеп турат. Ал эми туура жана керектүү нукта өсүп-өнүгүп жаткан демографиялык жүрүм өлкөнүн социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүшүнө жагымдуу таасир этет. Ошондуктан Ош облусунун калкынын этнодемографиялык маселелерин

илимий жактан изилдөө азыркы мезгилдеги этнология илиминдеги актуалдууу проблемалардын бири болуп эсептелет.
Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу негиздүү экендиги талашсыз.

### 3. Чыгарылган илимий жыйынтыктар тууралуу

Бул диссертациялык изилдөөдө бир катар теориялык, илимий-практикалык жана тарыхнаамалык жыйынтыктар алынган.

***1-жыйынтык***. Диссертант илимий иште максатын жана маселелерин тиешелүү деңгээлде көрсөтө алган жана тарыхый булактарды, расмий документтер, статистикалык маалыматтарды анализдөө, сурамжылоо жүргүзүү жана аларды салыштыруу аркылуу теманын актуалдуулугун тастыктай алган (Киришүү бөлүгү, 3-12-б.)

**2-жыйынтык.** Диссертант этнодемографиялык жүрүмдөрдү тарыхнаамалык талдоого алууну советтик, постсоветтик жана ата-мекендик окумуштууларынын эмгектерин салыштыруу жана талдоо, жыйынтык чыгаруу аркылуу жүзөгө ашырган (I бап. 1-, 2-бөлүм).

***3-жыйынтык***. Диссертант каралып жаткан илимий иштин объектиси, предмети, булактары жана изилдөөнүн методикасына токтолгон. Изилдөөдө диссертант Ош облусундагы этнодемографиялык жүрүмдөрдүн тарыхый мезгил аралыгындагы мүнөздүү багыттарын ачып көрсөтүүгө, сурамжылоо, байкоо методдору менен салыштырып изилдөөгө аракеттенген.

Диссертант изилдөөнүн негизги методу катары этносоциологиялык сурамжылоо, статистикалык маалыматтарды талдоо, аңгемелешүү, байкоо жүргүзүү жана тарыхый салыштыруу ыкмаларын колдонгондугу байкалат (II бап.1-, 2-, 3- бөлүмдөр).

***4-жыйынтык***. Ош облусу – Кыргызстандагы ири административдик-аймактык бирдик жана калкынын саны боюнча өлкөдөгү эң чоң аймак. Бул аймакта байыртадан эле отурукташып, дыйканчылык менен кесиптенген жана мал чарбачылыгын жүргүзгөн көчмөн элдердин маданияты жанаша жашап, алардын бирин - бири толуктап туруучу айкалышуусунун негизи калыптанган. Рынок экономикасына өтүү менен Ош облусунун көп этностуу тургундары жаңы жумуш жана жаңы киреше булактарын издөөгө аргасыз болушту. Жумуш менен камсыз болгон калктын социалдык түзүмүндө өндүрүштө иштегендерге караганда тейлөө чөйрөсүндө эмгектенгендердин саны өскөн.. Облуста жакырчылык, жумушсуздук ири социалдык маселе экендигин белгилеген (III бап, 1-,2-бөлүктөр).

***5-жыйынтык***. Илимий иште изденүүчү, изилденип жаткан жылдар аралыгында облустун калкы бир кыйла көбөйгөндүгүн, калктын санынын өсүшүнө негизинен табигый кыймылдын таасири чоң экендигин аныктаган. Облустун калкынын ичинде эмгекке жарамдуулардын саны өскөндүгүн жана балдар жана өспүрүмдөрдүн саны азайгандыгын белгилеген. Облуста жашап жаткан этностордун курамы жаш-курактык жактан айырмалангандыгы

материалдар менен тастыкталган. Ички миграцияда негизинен кичи жана орто шаарлардан жана райондордон калктын Ош, Бишкек, Жалал-Абад сыяктуу ири жана орто шаарларга, Чүй облусунун райондоруна багытталып көчүп кетүүсү же мезгилдик жумуштарда иштөө үчүн кетүүсү көрсөткөн. Тышкы эмгек миграциясынын багыты өзгөчө Россия жана Казакстанга багытталган. Жакынкы жылдарда бул мүнөздүү багыт уланып жаткандыгын белгилеген (III бап, 3-,4-бөлүктөр).

***6-жыйынтык.*** Ош облусунун калкы көп этностуу жана миграциялык агымдардын натыйжасында акыркы отуз жылдай аралыкта облустун калкынын этностук курамы бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болду. Анда кыргыздардын, өзбектердин саны көбөйгөндүгүн, Орустардын, жана башка славян тилдүү этностордун саны кыскарып жаткандыгын далилдеген. Кыргыздар Ош облусунун бардык райондорунда негизги басымдуу көпчүлүктү түзгөн калк катары бир кылка жайгашкан. Ош облусунун калкынын арасында улуттар аралык аралаш никелер кеңири тараган, бул көрүнүш көпчүлүк учурда кыргыз жана өзбек этносторунун ортосунда болуп жаткандыгын изилдеген. (IV бап, 1-,2-, 3-бөлүм).

4. **Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүн жана ынанымдуулугунун деңгээли**

Изденүүчү диссертацияда ар бир алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди далилдөөгө аракет жасаган.

Илимий изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда жыйынтыктарды, алардын негизинде илимий жоболорду, корутундуларды ырастаган.

**1-жыйынтык.** Облустагы этнодемографиялык жүрүмгө таасирин тийгизген негизги фактор – социалдык-экономикалык фактор экендиги аныкталды. Эгемендик мезгилинде Ош облусундагы калктын табигый өсүшү калктын өнүгүүсүндө негизги ролду ойноору белгиленди.

**2-жыйынтык.** Эгемендүүлүктүн жылдарында облустун калкынын социалдык-экономикалык абалын оңдоо максатында жаңы жумуш орундарын жана кирешенин жаңы булактарын издеп, жакынкы жана алыскы мамлекеттерге жана республиканын түндүк облустарына, айылдардан шаарларга миграциялык кыймылы күчөгөндүгү этносоциологиялык жана статистикалык материалдардын негизинде изилденген.

**3-жыйынтык.** Эл каттоолордун аралыгында облустун калкынын этносторунун жалпы калктын ичиндеги үлүшү өзгөрдү. Этностордун санынын өзгөрүүсүнө эгемен мамлекеттүүлүккө жетишүү, рынок экономикасына өтүү, экономикалык кардиналдуу реформалар, турмуш-тиричиликтеги кыйынчылыктар, жумушсуздуктун айынан миграциянын күч алышы таасирин тийгизгендигин аныктап чыккан.

**4- жыйынтык.** Облустагы славян тилдүү этностору тарыхый мекенине туруктуу жашоого көчүп кетиши алардын санынын кескин кыскарышына алып келсе, облустун калкынын арасында кыргыз, өзбек, тажик, уйгурлардын

саны өсүүсүндө жана алардын шаарларда, райондун борборлорунда, айылдардагыкалктын ичиндеги үлүшү жогорулап бара жаткандыгы изилдеген.

**5-жыйынтык.** Эгемендүүлүктүн жылдарында облустун калкынын ички жана тышкы миграциясы күчөгөндүгү, ошону менен бирге миграция этнодемографиялык жүрүмдөргө өзгөрүүлөрдү киргизгендиги каралган.

**6-жыйынтык.** Ош облусунун калкы демографиялык жактан жаш деп эсептелет, анткени калктын курамында балдардын жана өспүрүмдөрдүн саны басымдуу. Облус калкынын арасындагы этностордун турмушундагы жана маданиятындагы окшоштуктар аралаш үй-бүлөлөрдүн түзүлүшүнө жана өнүгүүсүнө шарттарды түзүүдө жана көп аралаш никелер кыргыз-өзбек, өзбек-кыргыз жана азыраак башка улуттар менен түгөйлөрүндө кездешип жаткандыгын этносоциологиялык жана статистикалык материалдарды талдоонун негизинде аныктаган.

5. **Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылгынын деңгээли.**

Диссертанттын илимий жоболору, корутундулары өзүнүн жеке иликтөөлөрүнүн негизде жүргүзүлүп, жаңы маалыматтар менен тастыктагандыктан,жалпысынан,1-, 2-, 3-, 4-, 5-, 6-илимий жыйынтыктарды жана 1-, 2-, 3-, 4-, 5-, 6-корутундуларды жаңы деп баалоого болот.

6. **Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачып берүүдө, изилдөөгө алынган актуалдуу маселелерди чечүүдө, илимий иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын диссертациясынын негизги илимий жыйынтыктары жана бүтүмдөрү этносоциологиялык материалдардын жана башка статистикалык маалыматтарды талдоонун негизинде чыгарылган.

Илимий жыйынтыктар этнология, этносоциология илиминдеги ушул багыттагы изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн теориялык-методикалык базасынын негизинде иштелип чыккан.

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын диссертациялык ишинин илимий жыйынтыктары ички биримдикке ээ жана жеткиликтүү материалдар менен тастыкталган.

7. **Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз тарыхнаамэсине белгилүү деңгээлде салым кошо алат. Ош облусундагы этнодемографиялык процесстерди статистикалык талдоо жана этносоциологиялык иликтөөнүн жыйынтыктары, берилген сунуштар, теориялык жана практикалык жактан баалуу болуп саналат.

Илимий иштин негизги жоболорун атайын изилдөө долбоорлорун иштеп чыгууда, окуу жайлары үчүн окуу-усулдук куралдарын түзүүдө, атайын курстарды окутууда жана этнодемография, этнология боюнча жалпылоочу эмгектерди жазууда, студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга тарых, этнология, демография, социология предметтерин окутууда, окуу-усулдук колдонмолорду түзүүдө, курстук, жыйынтыктоочу квалификациялык иштерди жазууда жана аталган тармактар боюнча илимий иштерди жалпылоодо колдонууга болот.

**8. Авторефераттын жана диссертациянын мазмунунун дал келиши.**

Авторефераттын мазмуну диссертациянын түзүмүнө, мазмунуна туура келет, негизги жыйынтыктарды жана корутундуну камтыйт.

**9. Диссертациянын жыйынтыктары жана корутундусунун автордун тематика боюнча жарыяланган эмгектеринде тастыкталышы.**

Диссертациянын негизги жоболору, идеялары жана жыйынтыктары Кыргыз Республикасында жана чет өлкөдө өткөн республикалык, эл аралык илимий конференцияларда жана семинарларда доклад катары баяндалган жана талкууланган. Алар:

1. Абдувапова А.Т. Калктын социалдык абалы жана миграциялык коопсуздук. [Текст] / А.Т. Абдувапова. ОшМУ Жарчысы. – 2012.– № 2. – 9-12 -б
2. Абдувапова А.Т. Жумушсуздук социалдык иштердин обьектиси катарында. [Текст] / А.Т. Абдувапова. ОшМУ Жарчысы. – 2012. – № 2. – 12-15- бб.
3. Абдувапова А.Т. Ош облусунун этнодемографиялык процесстери. [Текст] / А.Т. Абдувапова. Тарых жана Мурас түрмөгү.– Бишкек, 2015. – 401-406-бб.
4. Абдувапова А.Т. Ош облусундагы миграциялык процесстердин этникалык аспектиси. [Текст] / А.Т. Абдувапова. ОшМУ Жарчысы. – 2015. – №2. – 68- 71- бб.
5. Абдувапова А.Т. Азыркы мезилдеги рынок экономикасынын калктын социалдык түзүмүнө тийгизген таасири (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөлөрүнүн негизинде [Текст] / А.Т. Абдувапова, Чыныкеева, Г.Э. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – № 11, 2016. – 227-230 - бб.
6. Абдувапова А.Т. Учурдагы этнодемографиялык процесстердин социалдык-экономикалык абалга тийгизген таасири (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде. [Текст] / А.Т. Абдувапова. ОшМУ жарчысы. – 2016. – № 3. – 26-30-бб.
7. Абдувапова А.Т. Ош облусу: учурдагы калктын табигый кыймылы. [Текст] / А.Т. Абдувапова, А.Р. Джоошбекова. Тарых жана Мурас түрмөгү. – Бишкек, 2016. – 31-36- бб.
8. Абдувапова А.Т. Кыргызстандын түштүгүндөгү шаар калкынын этнодемографиялык өнүгүүсү (Ош облусундагы шаарлардын

мисалында). [Текст] / А.Т. Абдувапова, Г.Э Чыныкеева. ОшМУ жарчысы. 2017.– Атайын чыгарылыш. – 32-35-бб.
9. Абдувапова А.Т. Ош шаары: азыркы мезгилдеги миграциялык процесстер (1989-2009-жылдар). [Текст] / А.Т. Абдувапова, А.Р. Джоошбекова, Г.Э. Чыныкеева. – БГУ жарчысы. – Бишкек, 2015. – № 3-4 (33-44). – 26-29- бб.
10. Абдувапова А.Т. Ошская область: естественное движение населения в настоящее время. [Текст] / А.Т. Абдувапова. Молодой ученый. – Международный журнал. – № 5 (139), – 2017. – С 367-371.
11. Абдувапова А.Т. MODERN MIGRATION PROCESSES: THE ARGUMENTS (REASONS) FACTORS AND the MAIN DIRECTIONS (based on ethno-sociological research in the Osh region) [Текст] / А.Т. Абдувапова. BRIDGE TO SCIENCE RESEARCH WORKS. – February 28, – 2018, San Francisco, California, USA. – P. 28-33.

10. **Диссертациянын мазмунундагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

**Диссертант** Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын “**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)**” аттуу илимий изилдөөсүнүн жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктери менен катар айрым бир мүчүлүштүктөргө ээ экендигин белгилейм. Алар:

1. Диссертант иштин тарыхнаамалык бөлүгүндө бул багыттагы изилдөөлөрдү жүргүзгөн авторлордун эмгектеринде эмнелер изилденген, азыркы изилдөөлөрдө эмнеге өзгөчө көңүл буруу керектигин баса белгилеши зарыл эле.
2. Иштин методологиялык бөлүгүндө изилдөөнүн программасында эмне үчүн Большевик айылы тандалып алынгандыгы тууралуу түшүндүрмө керек.
3. Диссертациялык иштин мазмунунда кээ бир маалыматтар бар жерлерде ссылкаларды коюуну эстен чыгарбоо керек.
4. Изилдөөдөгү IV баптын 4-бөлүгүнүн “Облустагы этностордун аймактык жайгашуусунун өзгөчөлүктөрү” деген аталышы өтө кенен болуп калгандай ой калтырат.
5. Диссертациянын мазмунудагы материалдарда аялдар жөнүндөгү маалыматтарды бөлүп көрсөтүү керек деп ойлойм.

Жогорудагы кемчиликтер эске алынса, иштин жалпы илимий деңгээли мындан да жогорулайт эле. Этносоциологиялык материалдардын негизинде Ош облусундагы этнодемографиялык жүрүмдөр ар тараптуу изилденген жана илимий жыйынтыктар чыгарылган.

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын “**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)**” 07.00.07. – Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасын мазмунундагы айрым мүчүлүштүктөрдү эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы Д 07.21.628 диссертациялык кеңешинде ачык коргоо үчүн кабыл алууну сунуштайм.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү, т.и.д.** **Турдалиева Ч Ж.**

Эксперттик комиссиянын мүчөсү т.и.д. Ч.Ж.Турдалиеванын колун тастыктайм.

Д.07.21.628 Диссертациялык кеңешинин окумуштуу катчысы А.З. Жапаров

Вх. 04-8/40
24.09.21
Уч. секр. ДС 07.21.628